**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 диссертациялык кеңештин Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

# КОРУТУНДУ

Комиссиянын төр айымы, социология илимдеринин доктору, профессор С.С. Нурованын изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин (илимий жетекчиси: социология илимдеринин доктору, профессору Салморбекова Р.Б.) карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. **Диссертациялык Кеңештин коргоо боюнча укук берилген адистигине иштин туура келиши**.

Беделбаева Айнура Замирбековнанын сунуштаган «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы кандидаттык диссертациясы Д.23.20.611 Диссертациялык Кеңешинин профилине толук тура келет. Иште Болондук процесстин Кыргызстандагы жогорку билим берүүдө артыкчылыктары жана кемчиликтери каралып, изилденген иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Иштин максаты катары** Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнүн негизги багыттары жана келечеги.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. азыркы жогорку кесиптик билим берүүнү коомдук процесс катары социологиялык парадигмалардын негизинде талдоо;
2. Болондук процесстин алкагындагы заманбап жогорку кесиптик билим берүү тармагын талдоо;
3. жогорку кесиптик билим берүүнү Болондук процесстин чегинде реформалоону талдоо, анын оң жана терс жактарын, айырмачылыктарын ачып көрсөтүү;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № Д21-23-20
«15» июнь 2021 ж

4. Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн салттык жана инновациялык форматтарынын коом тарабынан кабыл алынышын аныктоо;
5. жогорку кесиптик билим берүү системасынын Болондук процесске өтүү этаптарын карап чыгуу;
6. Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүшүнүн приоритеттүү багыттарын көрсөтүү.

**Изилдөөнүн объектиси** Мамлекеттик жана менчик жогорку окуу жайлардын магистрантары жана жогорку окуу жайдын жетекчилери (ректор, проректорлор), факультеттердин декандары, жана окутуучулары. Ошондой эле жогорку окуу жайын бүтүргөн бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылган мекемелер (акимият, социалдык фонддор жана айыл өкмөтү ж.б.);

**Изилдөөнүн предмети** Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын студенттеринин, окуу жайдын жетекчилигинин, окутуучулардын жана жумуш берүүчүлөрдүн келечектеги Болондук процессине көз карашы.

Диссертациянын методологиялык негизи – катарында диссертациялык иштин изилдөө принциптери социология илиминдеги парадигмалар, системдик талдоо. Материалдарды чогултууда даректеме, сурамжылоо, SPSS-16, Google Forms программалык пакет маалыматтары колдонулган. Эмпирикалык изилдөөлөргө Кыргыз Республикасынын укук жана нормативдик актылары колдонулган. Анык маалыматтар жана иштин жыйынтыгын эмпирикалык изилдөө методологиясы камсыз кылынган. Жалпысынан 100 эксперт (жогорку окуу жайлардагы жетекчилер, окутуучулар, бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылуучулар), ошондой эле 400 респондент (магистранттар) массалык сурамжылоого катышкан.

Бул иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

Сунушталган диссертациянын темасы **«Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү»** актуалдуу илимий проблемага багышталып, негиздүү тандалган.

Азыркы ааламдашуу процесси Кыргызстандагы билим берүү системасына да кеңири кулачын жайылтууда. Болондук процесс өнүккөн өлкөлөрдө дүйнөлүк билим берүү системасына бирдиктүү багытты - бир өлкөдө кесиптик билим алган жаран башка өлкөдө кыйналбай иштеп кетүүсү үчүн кам көргөн парадигманын керектигин сунуштап отургандыгынан улам азыркы мезгилде өнүгүүгө багыт алган бардык өлкөлөрдүн ичиндеги кесиптик билим берүү жогорку окуу жайлары эки деңгээлдүү (бакалавриат жана магистрлик) стандартка өтүп, аны менен катар келечек кесиптин ээлерине билим жана тарбия берүүнүн мазмуну жаңы парадигманы - компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселесин үн тартибине койгону менен түшүндүрүп келгендигинин аныкталгандыгы.

XXI кылымдын баш чендеринде тарта жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү билим берүү системасына өтүү, анын төмөнкү (бакалавриат) жана жогорку (магистратура) баскычтарында билим алып жаткан адистердин азыркы коомдук-турмуштук талаптарга жооп бере ала

турган компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн мыйзамдык негиздери, практикалык иштердин аткарылыш аракеттери коомдук-социалдык илимдеринде, анын ичинде социология илиминде изилдөө объектиси боло баштагандыгы байкалат. Кыргыз Республикасынын 2017-жылга чейин жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүү Концепциясында өлкөнүн мүмкүн болгон бардык билим берүү мейкиндиктерине, жогорку окуу жайлар үчүн европалык билим берүү мейкиндиги тандалган. Анткени азыркы коомдук-турмуштук талаптарга жооп берүүчү билим жана тарбия берүү жаңы мазмунга ээ болуу менен бирге анын мазмунун компетенттүүлүккө негиздеп окутуу аркылуу иш-билги адисти даярдоо түзө турганы иште ынанымдуу факторлор көрсөтүлөт.

Жогорку кесиптик багыт боюнча төмөнкү (бакалавриат) жана жогорку (магистратура) баскычтарында билим алып жаткан адистерге азыркы коомдук-турмуштук талаптарга жооп берүүчү билим жана тарбия берүү жаңы мазмунга ээ болуп, иш-билги адисти даярдоо болсо, анын мазмунун компетенттүүлүккө негиздеп окутуу түзүп тураарынын иликтөөгө алынгандыгынын өзү изилдөөнүн темасынын **актуалдуулугун** аныктап турат.

Диссертациянын темасы актуалдуу, өз алдынча иштелип чыккан иш болуп эсептелет.

**3. Илимий натыйжалар.**

**Беделбаева Айнуранын** ишинде Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнүн негизги багыттарын жана келечегин изилдөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык илимий негиздеги төмөнкү натыйжалар келтирилген.

**Натыйжа 1.** Киришүүдө изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугу, максаты, милдети жана жаңылыгы, практикалык баалуулугу, коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларын тастыктаган тажрыйбалардын этаптары тууралуу кыскача жана так маалыматтар берилген.

**Натыйжа 2.** Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнү коомдук процесс катары социологиялык парадигмалардын негизинде талдоого алынган.

**Натыйжа 3.** жогорку кесиптик билим берүүнү Болондук процесстин чегинде реформалоону талдоо, анын оң жана терс жактарын, айырмачылыктары изилдөөгө алынган.

**Натыйжа 4.** Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн салттык жана инновациялык форматтарынын коом тарабынан кабыл алынышын аныктоолор берилди.

**Натыйжа 5.** Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүү системасынын Болондук процесске өтүү этаптары аныкталган.

**Натыйжа 6.** Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүшүнүн приоритеттүү багыттарын ачып көрсөтүлгөн.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор Болондук процесске арналган маселелер боюнча мамлекеттик билим берүү саясатынын маселелерин иштеп чыгууга, ишти мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Изилдөөнүн материалдарынын негизинде окуу куралдарды, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында маалымат катары колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундулаган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, даана жана социалдык түзүлүш проблематикасын мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, социалдык түзүлүштүн өзгөрүү мазмуну, социалдык-экономикалык негиздери жөнүндөгү социологиялык билимдердин тереңдешин камсыз кылат.

Жыйынтыктардын, илимий жоболордун негиздөө үчүн автор социология илиминин азыркы парадигмаларын жана усулдарын колдонгон, бул ишенимдүү, айкын натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген.

**Дисертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана шилтемелерде колдонулду:**

1. Беделбаева, А.З. Образования как ценностная ориентация молодежи Кыргызстана [Текст] /А.З. Беделбаева// «Научная дискуссия: Вопросы социологии, политологии, философии, истории» Журнал ИНТЕРНАУКА – вып. №1(53). Москва, 2017г. Стр-48-58.
2. Беделбаева, А.З. Модернизация оценки эффективности местного управления в контексте мировых стратегий [Текст] /Р.Б.Салморбекова, А.З. Беделбаева// Сборник материалов VI Конгресса социологов Казахстана. Астана, 2018г.
3. Беделбаева, А.З. Академикалык мобилдүүлүк Болондук процесстин негизги параметрлеринин бири жана жогорку билим берүү системасында ишке ашыруу [Текст] /А.З. Беделбаева// Вестник Кыргызско-Российского Славянского Университета вып. Бишкек, 2021г. стр.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толук бойдон диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын бири-бири менен бирдей түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Диссертациялык иш кыргыз тилинде жазылгандыктан, айрым илимий терминдер ар кандай берилип калган, мисалы: проблема – көйгөй, структура-түзүм ж.б., бирок бул терминдер бүгүнкү күнгө чейин илимий бир нукка түшө электигин эске алуу менен иштин жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт.

2. Диссертация жогорку билим берүү тармагындагы өзгөрүүлөргө колледж, мектеп, бала-бакчалардын тийгизген таасирин камтып кетсе болмок. Бирок, бул диссертация менен баардык илимий тармакты изилдөө мүмкүн эмес, ошол себептен келечекте эске алынат деген ойдобуз.

**Сунуштар:**

Диссертациялык кеңештин комиссиясы А.З.Беделбаеванын кандидаттык диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме жана оппоненттер тууралуу төмөнкүлөрдү бекитүүнү сунуштайт:

- **жетектөөчү мекеме катарында** Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун «социалдык иштер жана коомдук илимдер» кафедрасы сунушталат, анда тиешелүү адистер иштейт;
- **биринчи расмий оппонент** саясат таануу илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробеков (автореферат боюнча адистиги – 23.00.02), изилденүүчү карап жаткан проблемага жакын эмгектери бар:

1. Жоробеков Ж.Ж., Пазылов Б.К. Европейское направление внешней политики Кыргызской Республики. //Журнал Наука, новые технологии и инновации Кыгызстана. 2019, №3. С.216-222

2. Жоробеков Ж.Ж. Управление в транзитном обществе: роль и влияние государства. //Вестник Академии управления при президенте Кыргызской Республики. 2011,№12. С.54-55

- **экинчи расмий оппонент** социология илиминин кандидаты, Алымкулов Ализбек Төлбашевич (автореферат боюнча адистиги – 22.00.04) изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1. Алымкулов А.Т., Социально-демографические характеристики молодежи Кыргызстана в современных условиях.–Алматы: Поиск, №3(1), 2012 – С.167-171.

2. Алымкулов А.Т., Базариаттык шарттардагы билимдүүлүк жаштарды социалдаштыруунун натыйжалуу каражаты.– Бишкек: Социальные и гуманитарные науки, № 1-2, 2013 – С.126-128.

Диссертация Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социология жана социалдык иштер кафедрасынын отурумунда диссертациялык кеңешке сунушталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 диссертациялык кеңешине 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаттык окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку

билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» аттуу темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуштайм.

**Комиссиянын төр айымы:**
**социология илимдеринин доктору,**
**профессор** **Нурова С.С.**

*Комиссия төрайымынын кол*
*тамгасын тастыктаймын:*

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
/ ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«26» 04 2021 ж.

**Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин**
**Окумуштуу катчысы,**
**Саясат таануу илимдеринин кандидаты,**
**доцент** **Абдраманова Ч.Ш.**

«15» июн 2021-ж.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 диссертациялык кеңештин Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

## КОРУТУНДУ

Комиссиянын мүчөсү, саясат таануу илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробековдун изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин (илимий жетекчиси: социология илимдеринин доктору, профессору Салморбекова Р.Б.) карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. **Диссертациялык Кеңештин коргоо боюнча укук берилген адистигине иштин туура келиши**.

Беделбаева Айнура Замирбековнанын сунуштаган «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы кандидаттык диссертациясы Д.23.20.611 Диссертациялык Кеңешинин профилине толук тура келет. Иште Болондук процесстин Кыргызстандагы жогорку билим берүүдөгү өзгөрүүлөр жана артыкчылыктары менен бирге кемчиликтери каралып, изилденген иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Иштин максаты катары** Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнүн негизги багыттарын жана келечегин караган.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. азыркы жогорку кесиптик билим берүүнү коомдук процесс катары социологиялык парадигмалардын негизинде талдоо;
2. Болондук процесстин алкагындагы заманбап жогорку кесиптик билим берүү тармагын талдоо;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ
ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ
УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № Д 22-75-20
«17» 06 2021 ж

3. жогорку кесиптик билим берүүнү Болондук процесстин чегинде реформалоону талдоо, анын оң жана терс жактарын, айырмачылыктарын ачып көрсөтүү;
4. Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн салттык жана инновациялык форматтарынын коом тарабынан кабыл алынышын аныктоо;
5. жогорку кесиптик билим берүү системасынын Болондук процесске өтүү этаптарын карап чыгуу;
6. Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүшүнүн приоритеттүү багыттарын көрсөтүү.

**Изилдөөнүн объектиси** Мамлекеттик жана менчик жогорку окуу жайлардын магистранттары жана жогорку окуу жайдын жетекчилери, жогорку окуу жайын бүтүргөн бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылган мекемелер (акимият, социалдык фонддор жана айыл өкмөтү ж.б.);

**Изилдөөнүн предмети** Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын студенттеринин, окуу жайдын жетекчилигинин, окутуучулардын жана жумуш берүүчүлөрдүн келечектеги Болондук процессине көз карашы.

Диссертациянын методологиялык негизи – катарында диссертациялык иштин изилдөө принциптери социология илиминдеги парадигмалар, системдик талдоо. Материалдарды чогултууда даректеме, сурамжылоо, SPSS-16, Google Forms программалык пакет маалыматтары колдонулган. Эмпирикалык изилдөөлөргө Кыргыз Республикасынын укук жана нормативдик актылары колдонулган. Анык маалыматтар жана иштин жыйынтыгын эмпирикалык изилдөө методологиясы камсыз кылынган. Жалпысынан 100 эксперт (жогорку окуу жайлардагы жетекчилер, окутуучулар, бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылуучулар), ошондой эле 400 респондент (магистранттар) массалык сурамжылоого катышкан.

Бул иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

Сунушталган диссертациянын темасы **«Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү»** актуалдуу илимий проблемага багышталып, негиздүү тандалган.

Кыргызстанда жогорку билим берүү жалпы европалык Болондук процесстин негизинде келип чыккан өзгөрүүнү, билим берүүнүн сапатын камсыздоо проблеманын чечилиш зарылдыгын, социологиялык парадигмалардын – илимий педагогикалык коомчулук тарабынан кабыл алынышын, андагы башкы баалуулук катары инсан, анын нравалык позициясы, маданияты, кесиптик компетенттүүлүгү эсептелген методологиялык эрежелердин алмашуусун баштан кечирип жатат.

Азыркы учурдагы кыргыз билим берүүсүнүн артыкчылыктуу компоненттеринин бири катары эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү болуп эсептелет. 2014-жылга карата Болондук процессине катышуучу ар бир өлкө бирдиктүү европалык билим берүү мейкиндигин бирдиктүү европалык

стандарттарга шайкеш келтирип түзүүнү көздөгөн реформа жасоосу керек.

Азыркы билим берүү системасынын негизи болуп өзүнүн технологиялык базисин модернизациялай алган, жаңы билим берүү технологияларына өтө алган, ачык билим берүү системасына дал келген жогорку сапаттуу билим берүү чөйрөсү эсептелет.

Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүсү өзүнүн өнүгүү системасы биринчи жолу терең, комплекстүү каралып, изилденип жатышы заманбап технологияларды эске алуу менен билим берүү чөйрөсүндө каржылоону жана башкарууну туруктуулукту жана оптималдаштырууну, маданият, экономика, илим, техника жана технологиядагы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен кесиптик билим берүүнүн мазмунун системалуу түрдө жаңыртуу жана студенттердин, магистранттардын, окутуучулардын алыскы чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен мобилдүүлүгүн камсыздоодо, ж.б. маселелеринин чечмеленишинин зарылдыгы теманын **актуалдуулугун** көрсөтөт.

Сунушталган диссертациянын темасы **«Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү»** актуалдуу илимий проблемага багышталып, негиздүү тандалган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынын жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана азыркы учурда Болондук процесстин жогорку билим берүүдө келечектеги өнүгүшү аткарылган деп корутундоого болот.

**3. Илимий натыйжалар.**

**Беделбаева Айнуранын** ишинде Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнүн негизги багыттарын жана келечегин изилдөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык илимий негиздеги төмөнкү натыйжалар келтирилген.

**Натыйжа 1.** Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнү коомдук процесс катары социологиялык парадигмалардын негизинде талдоого алынган.

**Натыйжа 2.** жогорку кесиптик билим берүүнү Болондук процесстин чегинде реформалоону талдоо, анын оң жана терс жактарын, айырмачылыктары изилдөөгө алынган.

**Натыйжа 3.** Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн салттык жана инновациялык форматтарынын коом тарабынан кабыл алынышын аныктоолор берилди.

**Натыйжа 4.** Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүү системасынын Болондук процесске өтүү этаптары аныкталган.

**Натыйжа 5.** Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүшүнүн приоритеттүү багыттарын ачып көрсөтүлгөн.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор Болондук процесске арналган маселелер боюнча мамлекеттик билим берүү саясатынын маселелерин иштеп чыгууга, ишти мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Изилдөөнүн материалдарынын негизинде окуу куралдарды, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында маалымат катары колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундулаган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, даана жана социалдык түзүлүш проблематикасын мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, социалдык түзүлүштүн өзгөрүү мазмуну, социалдык-экономикалык негиздери жөнүндөгү социологиялык билимдердин терендешин камсыз кылат.

Жыйынтыктардын, илимий жоболордун негиздөө үчүн автор социология илиминин азыркы парадигмаларын жана усулдарын колдонгон, бул ишенимдүү, айкын натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген.

**Дисертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана шилтемелерде колдонулду:**


1. Беделбаева, А.З. Образования как ценностная ориентация молодежи Кыргызстана [Текст] /А.З. Беделбаева// «Научная дискуссия: Вопросы социологии, политологии, философии, истории» Журнал ИНТЕРНАУКА – вып. №1(53). Москва, 2017г. Стр-48-58.
2. Беделбаева, А.З. Модернизация оценки эффективности местного управления в контексте мировых стратегий [Текст] /Р.Б.Салморбекова, А.З. Беделбаева// Сборник материалов VI Конгресса социологов Казахстана. Астана, 2018г.
3. Беделбаева, А.З. Болонский процесс и проблемы в системе высшего образования Кыргызстана [Текст] /А.З. Беделбаева// Научный издательский центр «Социосфера» №2. Пенза, 2019г. Стр. 125-129


**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толук бойдон диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине туура келет. Авторефератта мазмуну дал келген кыргыз, орус тилдериндеги резюмеси бар.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Диссертациялык иш кыргыз тилинде жазылгандыктан, айрым илимий терминдер ар кандай берилип калган, мисалы: процесс – жүрүш, метод-ыкма ж.б., бирок бул терминдер бүгүнкү күнгө чейин илимий бир нукка түшө электигин эске алуу менен иштин жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт.

2. Диссертациялык иште келтирилген сунуштардын 1-2 пунктун мамлекеттик органдар менен биргеликте иш жүзүнө ашырыла тургандыгын аныктап кетсе жакшы болмок. Бирок, бул диссертация менен баардык илимий тармакты изилдөө мүмкүн эмес, ошол себептен келечекте эске алынат деген ойдобуз.

**Сунуштар:**

Диссертациялык кеңештин комиссиясы А.З.Беделбаеванын кандидаттык диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме жана оппоненттер тууралуу төмөнкүлөрдү бекитүүнү сунуштайт:

- **жетектөөчү мекеме катарында** Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун «социалдык иштер жана коомдук илимдер» кафедрасы сунушталат, анда тиешелүү адистер иштейт;

- **биринчи расмий оппонент** саясат таануу илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробеков (автореферат боюнча адистиги – 23.00.02), изилденүүчү карап жаткан проблемага жакын эмгектери бар:

1. Жоробеков Ж.Ж., Пазылов Б.К. Европейское направление внешней политики Кыргызской Республики. //Журнал Наука, новые технологии и инновации Кыгызстана. 2019, №3. С.216-222

2. Жоробеков Ж.Ж. Управление в транзитном обществе: роль и влияние государства. //Вестник Академии управления при президенте Кыргызской Республики. 2011,№12. С.54-55

- **экинчи расмий оппонент** социология илиминин кандидаты, Алымкулов Ализбек Төлбашевич (автореферат боюнча адистиги – 22.00.04) изилденүүчү карап жаткан проблемага жакын эмгектери бар:

1. Алымкулов А.Т., Социально-демографические характеристики молодежи Кыргызстана в современных условиях.–Алматы: Поиск, №3(1), 2012 – С.167-171.

2. Алымкулов А.Т., Базариаттык шарттардагы билимдүүлүк жаштарды социалдаштыруунун натыйжалуу каражаты.– Бишкек: Социальные и гуманитарные науки, № 1-2, 2013 – С.126-128.

Диссертация Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социология жана социалдык иштер кафедрасынын отурумунда

диссертациялык кеңешке сунушталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 диссертациялык кеңешине 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаттык окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» аттуу темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуштаймын.

**Комиссиянын мүчөсү**:
**саясат таануу илимдеринин доктору,**
**профессор** **Жоробеков Ж.Ж.**

*Комиссия мүчөсүнүн кол*
*тамгасын тастыктаймын:*

**Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин**
**Окумуштуу катчысы,**
**Саясат таануу илимдеринин кандидаты,**
**доцент** **Абдраманова Ч.Ш.**

«17» 06 2021-ж.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, А Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык—саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңештин эксперти изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясына**

# КОРУТУНДУ

Эксперттик комиссиянын мүчөсү: социология илимдеринин доктору, доцент Н.Меңдибаев, изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын (илимий жетекчи: философия илимдеринин доктору, профессор Салморбекова Р.Б.) карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келди:

1.**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы кандидатык диссертациясы Д.23.20.611 Диссертациялык кеңештин профилине толук туура келет. Бул диссертациялык иште Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн көйгөйлүү маселелери каралып, диссертациялык иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Иштин максаты катары** Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнүн негизги багыттарын



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДК-74-20
«16» 06 2021 ж

жана келечегин аныктоо караалып коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй милдеттер аныкталган:

- азыркы жогорку кесиптик билим берүүнү коомдук процесс катары социологиялык парадигмалардын негизинде талдоо;
- Болондук процесстин алкагындагы заманбап жогорку кесиптик билим берүү тармагын талдоо;
- жогорку кесиптик билим берүүнү Болондук процесстин чегинде реформалоону талдоо, анын оң жана терс жактарын, айырмачылыктарын ачып көрсөтүү;
- Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн салттык жана инновациялык форматтарынын коом тарабынан кабыл алынышынаныктоо;
- жогорку кесиптик билим берүү системасынын Болондук процесске өтүү этаптарын карап чыгуу;
- Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүшүнүн приоритеттүү багыттарын көрсөтүү.

Бул иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Сунушталган диссертациянын темасы «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» актуалдуу илимий проблемага багытталып, негиздүү тандалган.

Кыргызстан эгемендүү болуп, демократия өнүгүш жолун тандап алгандан тартып, ал бардык тармактар боюнча көптөгөн мамлекеттер менен коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кызматташууга өттү. Мындай шартта артыкчылыкка ээ тармактардын бири болуп билим берүү системасы эсептелинет. Кыргызстан билим берүү системасын туура жолго салыш үчүн биринчи кезекте өнүккөн өлкөлөрдөгү ири жетишкендиктерге ээ болгон ийгиликтерди, дүйнөлүк билим берүүдөгү алдыңкы иш-тажрыйбаларды толугу менен өлкө ичине алып келүүгө аракет кыла баштады. Алардын биринчиси жогорку кесиптик билим берүүнү эки баскычтуу (бакалавриат жана магистратура) кредиттик окуу системасына алып чыгуу кызыкчылыгы болду. Өнүккөн өлкөлөрдө практикаланып келе жаткан мындай билим берүү системасын Кыргызстанга көчүрүп келүү аракети кимдир бирөөнүн жеке субъективдүү кызыкчылыгынан жаралган жок. Ага карата кызыкчылыктардын пайда болушу, XXI кылымдын алгачкы жылдарында, КМШ өлкөлөрүнүн бардыгына мүнөздүү объективдүү шарт болуп саналат.

Акыркы он жылдын ичинде орто эле эмес, жогорку окуу жайларда да билим берүү багытында кескин өзгөрүүлөр болду. Мындай ааламдык масштабды ичине алган өзгөрүүлөргө окумуштуулар ар түркүн кырдаалдан баа берип келишет. Алар: 1) адамзат жашоосунун ааламдашуусу; 2) адам

баласынын дүйнө таанымынын демократиялашуусу; 3) илим-билимдин тездик менен өнүгүшү; 4) реалдуу турмуш чындыгынын кескин жаңыланышы, б. а. жарандык көз караштын дайыма өзгөрүүгө дуушар болушу; 5) коомдук-социалдык жаңылануууларга ылайык инсандын үзгүлтүксүз билим алууга муктаждыгы жана башка маселелер менен түшүндүрүлөт.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда мамлекеттик жогорку окуу жайлардын саны – 32 жана жеке менчик жогорку окуу жайлардын саны – 33, баары биригип – 65. Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин жоболоруна ылайык 2012-жылдан тартып бардык жогорку окуу жайлары Болондук процессте иш алып барышууда. Кыргызстан өткөн Болондук билим берүү тутуму эки баскычтуу билим берүү тутумунан турат: биринчиси – төрт жылдык окуу менен бакалавр, экинчиси – эки жылдык окуу менен магистратура. Көпчүлүк адамдардын ою боюнча, бакалавр даражасы толук эмес жогорку билим болуп саналат жана өз тармагында компетенттүү адис болуу үчүн магистр даражасына жетишүү зарыл.

Бул квалификациялык даражанын бирден-бир чектөөсү - бакалаврларга жогорку окуу жайларында сабак берүүгө тыюу салынган. Айрым адистиктер боюнча дагы чектөөлөр бар, мисалы, магистрдик даражадан төмөн квалификациясы бар адам жогорку кызматка көтөрүлө албайт.

Магистрдик программа – бул кесиптик өркүндөтүүнүн милдеттүү уландысы эмес, университеттер магистрдик программаларга бардык бакалаврларды кабыл ала албайт, анткени лицензиялык талаптар магистрдик программалардын максималдуу контингентин белгилеген, ал жогору эмес, анткени ал жакта жекече окутуу талап кылынат. Кыргызстандагы ЖОЖдордун бардыгы эле магистрдик программаларды ишке ашыра бербейт. Учурда магистратура программасы 26 жогорку окуу жайларында ачылган.

Илимий коомчулук ал өзгөрүүлөрдү ар түркүн аталыштар менен атап, ага ар кыл көз караштa баа берүүгө аракет кылат, ошондой эле социология илиминде да мындай аракеттер жетиштүү болуп саналат. Бирок, кайсы тарабынан алынбасын, алардын көз караштарын бир жерге топтоп, бирин-экинчиси менен байланыштырып турган жагдай — «адамдын эркин өнүгүшүнө» («свободное развитие человека») кызмат кыла турган билим берүүгө багыт алуу экендиги ачык көрүнөт. Бул багыттагы иштер жогорку окуу жайларын да толугу менен кучагына алып баратканын айтпай коюуга болбойт. Буга Болондук процесс мисал болуп бере алат.

Жогоруда аталган маселелер жана көрүнүштөр азыркы жогорку билим берүү тармагындагы Болондук процессти изилдөө зарылдыгын аныктайт.

**3. Илимий натыйжалар.**

Беделбаева Айнура Замирбековнанын өзүнүн диссертациялык ишинде социология илиминин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

**Натыйжа 1.** Диссертацияда Болондук процесс жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы парадигмасы катары аныкталып, Болондук процесске кошулгандагы алгачкы шарттардын жана аларга ылайык келген жогорку кесиптик билим берүүнүн методологиясы каралган.

**Натыйжа 2.** Диссертацияда жогорку окуу жайлардын Болон процессине өтүү этаптары жана анын жүрүшүндөгү реформалар аныкталган.

**Натыйжа 3.** Диссертацияда Болондук процессти ишке ашыруудагы артыкчылыктары менен кемчиликтери кенен талданып көрсөтүлгөн.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундуланган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнүн негизги багыттарын жана келечегин аныктоо үчүн ошондой эле Болон процессин мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор Болондук процесске арналган маселелер боюнча мамлекеттик билим берүү саясатынын маселелерин иштеп чыгууга, ишти мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Изилдөөнүн материалдарынын негизинде окуу куралдарды, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында маалымат катары колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлардын ишин оптималдаштырууда, алардын рейтингин жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине туура келет. Авторефератта мазмуну дал келген кыргыз, орус тилдериндеги резюмеси бар.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:** Изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы диссертациялык ишинде алдыда эске ала турган айрым мүчүлүштүктөрдү белгилеп коюуга болот.

1.Диссертациялык иштин теориялык бөлүгүндө негизги текстик сүйлөмдөр орус тилиндеги адабияттардан которулгандыгына байланыштуу

айрым жерлеринде которулган ой-пикирлер сүйлөмдөрдүн так маанисин билдире албай башкача түшүнүктөрдү же сөзмө-сөз которулган ойлорду билдирип калган учурлары бар.

2.Диссертациялык иш социология илимине арналгандыктан диссертант тарабынан жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөнүн натыйжалары диссертациялык иштин мазмунуна жараша Кыргызстандагы Болон процессинин жүрүшүндөгү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен социологиялык талдоо жүргүзүлүп койгондо диссертациялык иш мындан да салмактуураак болуп калат эле.

3.Диссертациялык иштин жүрүшүндө талданып, аткарылып жаткан диссертациялык иштин мазмунун чагылдырууда тең салмактуулук толук сакталышы зарыл. Айрым параграфтын бир барак менен чектелип калгандыгы талапка жооп бербейт. Андыктан диссертациялык иштин жүрүшүндө мындай катачылыктарды эске алуу зарыл.

**7. Сунуштар:**

1. Болондук процессти ишке ашыруунун негизинде Кыргызстандагы жогорку билим берүү тармагындагы базалык кырдаалдын ортосундагы түзүлгөн карама-каршылыктарды жоюуга илимий, инновациялык сунуштарды берсе жакшы болот эле.

2.Диссертациялык иштин натыйжаларын чагылдырууда колдонулган диаграмма, таблицаларга жасалган социологиялык талдоолор жетишээрлик деңгээлде талданып изилденбей, алардын мазмуну анчейин ачылбай калган. Эгерде аларды дагы да кенениреек, тереңиреек талдап бергенде диссертациялык иштин мазмуну дагы да салмактуураак болуп калат эле.

3. Диссертациялык иштин жүрүшүндө диссертант тарабынан колдонулган адабияттардагы маалыматтарды чагылдырууда Россиялык илимпоздордун маалыматтарын Кыргызстандагы Болондук процессти ишке ашырууда канчалык деңгээлде шайкеш келгендигин эске алса дагы да жакшы болот эле.

**8.Сунуштамалар:**

1. Кыргызстандын шартында Болондук процессти ийгиликтүү иш жүзүнө ашырыш үчүн билим берүүнүн жана илимдин өз ара мамилелеринин натыйжалуулугун, кадрларды даярдоо жана аларды жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүн бүгүнкү күндүн талабына ылайык айкалыштыруу зарыл.

2. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын билим берүү стандарттарын Болондук процесстин талабына ылайык европалык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн заманбап реформаларды иш жүзүнө ашыруу керек.

3. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын шартында Болондук принциптерди кабыл алуу деңгээлин жогорулатуу, студенттерден билимге болгон аң-сезимдүү мотивацияны күчөтүүнү, социалдык ой жүгүртүү тажрыйбасын топтоону, жаңы билим берүү мейкиндигин калыптандырууда маанилүү

өнөктөш катары катышууга даяр болууну талап кылган сунуштарды иштеп чыгуу керек.

4. Кыргызстандын билим берүү системасында азыркы этапта олуттуу системалык өзгөрүүлөр болуп жатат, анткени Кыргызстанды дүйнөлүк интеграциядан бөлүп кароого мүмкүн эмес. Андыктан Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүдө Болондук процесстин жүрүшү, коомдук-социалдык түзүлүшкө жаңы талаптарды коюп, аларды ийгиликтүү иш жүзүнө ашыруу бүгүнкү күндүн маанилүү милдеттеринен экендигин эске алуу зарыл.

**9.Корутунду:**

Изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы диссертациялык ишинде Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнүн негизги багыттарына байланышкан социология илиминин адабияттары талданып, аларды түшүнүүдөгү негизги теориялык-методологиялык парадигмалар жана концепциялар ачылып берилген. Анда Болондук процесстин алкагындагы заманбап жогорку кесиптик билим берүү тармагын талдоо менен байланышкан негизги илимий категорияларга берилген аныктамалар, социологиялык парадигмалар жана классик-социологдордун көз караштары талданган. Изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековна бул диссертациялык ишинде Болондук процесс жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы парадигмасы катары аныкталып, Болондук процесске кошулгандагы алгачкы шарттардын жана аларга ылайык келген жогорку кесиптик билим берүүнүн методологиясы каралган. Бул иште жогорку окуу жайлардын Болон процессине өтүү этаптары жана анын жүрүшүндөгү реформалар аныкталып, жогорку кесиптик билим берүүнүн салттуу жана инновациялык форматтарындагы проблемалар салыштырылып талданган.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары келечекте Болондук процесске арналган маселелер боюнча мамлекеттик билим берүү саясатынын маселелерин иштеп чыгууга, ишти мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлардын ишин оптималдаштырууда, алардын рейтингин жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Мына ушул натыйжаларды эске алганда Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы диссертациялык иши көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациялык талаптарга жооп берет. Демек, социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине 22.00.04- социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги

боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын кабыл алууга болот.

**10.Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, А Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык—саясий изилдөө институту жана Ж Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**:
социология илимдеринин доктору, доцент **Мендибаев Н.**

Профессор Н. Мендибаевдин колун тастыктайм. Окуу иштери боюнча КИУнун проректору Матраимов А. Н

**Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешинин**
**Окумуштуу катчысы,**
**саясат таануу илимдеринин кандидаты,**
**доцент** **Абдыраманова Ч.Ш.**

«16» июн 2021-ж.